Бир уйдан орточо саалган сүт 2009 кг түздү. Орточо республикалык деңгээлден жогорку көрсөткүч Чүй (2891 кг), Талас (2271 кг) жана Ысык-Көл (2057 кг) облустарынын чарбаларында болду.

Жумуртка өндүрүү Ысык-Көл облусунан жана Бишкек шаарынан башка аймактардын бардык чарбаларында өстү.

**Курулуш.** Алдын ала малыматтар боюнча курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2014-ж. январь-декабрында 96911,4 млн. сомду түздү, бул 2013-ж. караганда 24,9 пайызга көп. Анын ү.ж. декабрындагы көлөмү 16806,9 млн. сомду түздү, бул 2013-ж. декабрына караганда 21,6 пайызга көп.

Негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2014-ж. январь-декабрында 2013-ж. салыштырмалуу 21,6 пайызга (салыштырмалуу баада) өстү жана 105821,8 млн. сомду түздү. 2014-ж. декабрында анын көлөмү 18885,3 млн. сомду түздү, бул 2013-ж. декабрына караганда 16,5 пайызга көп.

**24-таблица: Негизги капиталга инвестициянын динамикасы**

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | **2013** | **2014** | **2013** | **2014** |
| Январь | 98,7 | 150,4 | 12,7 | 15,5 |
| Февраль | 98,2 | 144,3 | 199,1 | 191,0 |
| Январь-февраль | 98,4 | 146,4 | - | - |
| Март | 86,8 | 121,3 | 162,0 | 136,1 |
| Январь-март | 92,0 | 133,3 | - | - |
| Апрель | 92,2 | 125,0 | 69,6 | 71,7 |
| Январь-апрель | 92,1 | 131,1 | - | - |
| Май | 96,7 | 110,6 | 146,9 | 130,0 |
| Январь-май | 93,3 | 125,4 | - | - |
| Июнь | 97,0 | 105,8 | 114,5 | 109,5 |
| Январь-июнь | 94,2 | 120,6 | - | - |
| Июль | 133,5 | 92,2 | 109,1 | 95,1 |
| Январь-июль | 100,4 | 114,6 | - | - |
| Август | 108,0 | 113,6 | 97,1 | 119,8 |

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| Январь-август | 101,6 | 114,5 | - | - |
| Сентябрь | 86,1 | 118,0 | 119,5 | 124,0 |
| Январь-сентябрь | 98,6 | 115,1 | - | - |
| Октябрь | 114,2 | 139,3 | 87,3 | 113,6 |
| Январь-октябрь | 104,2 | 115,3 | - | - |
| Ноябрь | 128,5 | 175,5 | 103,9 | 130,9 |
| Январь-ноябрь | 106,7 | 122,7 | - | - |
| Декабрь | 111,8 | 116,5 | 181,1 | 120,2 |
| Январь-декабрь | 107,6 | 121,6 | - | - |

Ички булактардын эсебинен каржыланган негизги капиталга инвестициянын көлөмү 2013-жылга салыштырмалуу 13,7 пайызга (анын ичинен республикалык бюджеттин - 7,9 пайызга, ишканалардын жана уюмдардын эсебинен - 15 пайызга, калктын каражаттынын эсебинен - 15,2 пайызга), тышкы булактардын эсебинен каржыланган негизги капиталга инвестициянын көлөмү - 1,4 эсе (анын ичинен чет өлкөлүк насыянын эсебинен - 2,5 эсе, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен - 0,2 пайызга) көбөйдү.

**25-таблица: Январь-декабрдагы каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестиция**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **82874,5** | **105821,8** | **100** | **100** |
| **Ички инвестициялар** | **52622,6** | **62908,0** | **63,5** | **59,5** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдын каражаттарын кошкондо) | 2844,1 | 3217,7 | 3,4 | 3,0 |
| Жергиликтүү бюджет | 939,3 | 884,7 | 1,1 | 0,8 |
| Ишканалардын жана уюмдардын каражаттары | 29415,6 | 35607,8 | 35,5 | 33,7 |
| Банктын насыялары | 749,2 | 574,5 | 0,9 | 0,6 |
| Калктын каражаттарынын, КРнын резиденттеринин кайрымдуулук жардамын кошкондо | 18674,4 | 22623,3 | 22,6 | 21,4 |
| **Тышкы инвестициялар** | **30251,9** | **42913,8** | **36,5** | **40,5** |
| Чет өлкөлүк насыялар | 12397,4 | 32940,6 | 14,9 | 31,1 |
| Тике чет өлкөлүк инвестициялар | 15633,0 | 7637,4 | 18,9 | 7,2 |
| Чет өлкөлүк гранттар жана гуманитардык жардамдар | 2221,5 | 2335,8 | 2,7 | 2,2 |

2014-жылдын 12 айыын ичинде 30900,6 млн. сом суммасында негизги фонддор ишке киргизилди, өздөштүрүлгөн инвестициянын бир сомуна негизги фонддун 0,29 сому, 2013-ж. тескерисинче, 0,38 сому туура келди.

Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук объекттеринин курулушуна негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн көлөмү 2013-жылга салыштырганда 41,3 пайызга азайды. Каржылоо, негизинен, республикалык бюджеттин ошондой эле чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен (91,1 пайызы) ишке ашырылды. Үстүбүздөгү жылы 21,24 километр узундуктагы жээктерди бекемдөөчү курулмалар, 3,10 километр узундуктагы селге каршы курулмалар, 23,60 километр узундуктагы сугаруу каналдары ишке киргизилди, 5,80 километр узундуктагы дренаждын эрозиясына каршы иш-чаралар өткөрүлдү.

Пайдалуу кендерди казуу объекттеринин курулушуна инвестиция өздөштүрүүнүн көлөмү 2014-ж. январь-декабрында 89,4 пайызды түздү. Муну менен инвестициянын

негизги көлөмү (97,6 пайызы) ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын, ошондой эле тике чет өлкөлүк инвестициялардын эсебинен каржыланды.

Иштетүү өндүрүшүнүн объекттеринин курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 2013-ж. салыштырмалуу 100,3 пайызды түздү (муну менен инвестициянын 91,7 пайызы муңайзат продуктуларын өндүрүү жана тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү боюнча объекттердин курулушуна өздөштүрүлгөн). Каржылоо, негизинен, чет өлкөлүк насыялардын, ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын (95 пайызы) эсебинен ишке ашырылды. Силикаттык кирпичти, асфальт-бетонду, тигүү буюмдарын, пиво жана алкоголсуз суусундуктарды өндүрүү боюнча цехтер пайдаланууга берилди.

Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо боюнча объекттерди курууга жана реконструкциялоого сарпталган каражаттардын көлөмү 2013-ж. салыштырганда 2,1 эсе көбөйдү. Муну менен курулуш чет өлкөлүк насыялардын эсебинен, ошондой эле ишканалардын жана уюмдардын эсебинен гана (95,6 пайыз) каржыланды.

Өткөн мезгил ичинде 10/4 кВ чыңалуудагы 153 комплекттүү трансформатордук станция, 0,4 кВ чыңалуудагы 82,48 километр, 6-20 кВ - 225,84 километр, 35 кВ жана андан жогору - 3,64 километр электр берүү линиялары пайдаланууга берилди.

Дүң жана чекене соода объекттеринин курулушундагы негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2013-ж. салыштырганда 1,3 эсе көбөйдү. Курулуш негизинен (99,7 пайызы) калктын каражаттарынын, ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын жана чет өлкөлүк насыялардын эсебинен каржыланды. 38,4 миң чарчы метр соода аянтындагы соода ишканасы, 100 орундуу коомдук тамактануу ишканасы, 7 автомай бекети ишке киргизилди.

Мейманканалар менен ресторандардын курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмү 3,1 эсе көбөйдү. Муну менен инвестициялардын 98,4 пайызы ишканалардын жана уюмдардын, калктын каражаттарынын, КРнын резиденттеринин кайрымдуулук жардамдарынын, ошондой эле чет өлкөлүк насыялардын каражаттарынын эсебинен өздөштүрүлдү. 94 орундуу мейманкана ишке киргизилди.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо объекттеринин курулушу, негизинен, чет өлкөлүк насыялардын, республикалык бюджеттин, ошондой эле ишканалардын жана уюмдардын (91,6 пайызы) эсебинен каржыланды, ал эми алардын курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 2013-ж. салыштырмалуу 2,8 пайызга көбөйдү. Он тогуз көпүрө, 4,90 километр узундуктагы облустук жана жергиликтүү деңгээлдеги катуу зат менен жабылган автомобиль жолдору, ошондой эле айыл чарбасында 61 километр узундуктагы ички чарба жолдору ишке киргизилди.

Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу объекттеринин курулушуна багытталган өздөштүрүлгөн инвестициянын денгээли (2,5 эсе) көбөйдү, муну менен курулуш, негизинен, калктын каражаттарынын, КРнын резиденттеринин кайрымдуулук жардамдарынын, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен, республикалык жана жергиликтүү бюджеттин (82,8 пайыз) эсебинен ишке ашырылды. 250 орундуу клубдар, 14 спорттук-ден соолукту чыңдоочу мекемелер (стадиондор, аянтчалар, корттор) пайдаланууга берилди.

**26-таблица: Январь-декабрдагы экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча негизги капиталга инвестиция**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **82874,5** | **105821,8** | **100** | **100** |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 1071,3 | 655,2 | 1,3 | 0,6 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 24160,5 | 22590,6 | 29,1 | 21,3 |
| Иштетүү өндүрүшү (Иштетүү өнөр жайы) | 10009,6 | 10605,2 | 12,1 | 10,0 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 8107,9 | 18194,1 | 9,8 | 17,2 |

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| Суу менен жабдуу, калдыктарды тазалоо, иштетүү жана кайра пайдаланылуучу чийки затты алуу | 634,9 | 503,9 | 0,8 | 0,5 |
| Курулуш | 27,4 | 1,6 | 0,0 | 0,0 |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 2231,3 | 3152,8 | 2,7 | 3,0 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 9214,4 | 9932,2 | 11,1 | 9,4 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын ишмердиги | 1047,5 | 3458,5 | 1,3 | 3,3 |
| Маалымат жана байланыш | 3528,8 | 2734,4 | 4,3 | 2,6 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 85,7 | 82,7 | 0,1 | 0,1 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 192,4 | 625,2 | 0,2 | 0,6 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 12,3 | 4,2 | 0,0 | 0,0 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | - | 4,7 | - | 0,0 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздандыруу | 316,2 | 157,6 | 0,4 | 0,1 |
| Билим берүү | 2399,3 | 3858,1 | 2,9 | 3,6 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкка социалдык жактан тейлөө | 507,2 | 372,6 | 0,6 | 0,4 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 389,8 | 1020,3 | 0,4 | 1,0 |
| Башка тейлөө ишмердиктери | 463,1 | 966,4 | 0,6 | 0,9 |

Үстүбүздөгү жылдын ичинде негизги капиталга өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү Баткен, Ысык-Көл жана Ош облустарынан башка бардык региондордо өстү.

**27-таблица: Январь-декабрдагы аймактар боюнча негизги капиталга инвестиция**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Кыргыз Республикасы** | **82874,5** | **105821,8** | **100** | **100** |
| Баткен облусу | 4048,8 | 2345,9 | 4,9 | 2,2 |
| Жалал-Абад облусу | 9993,2 | 12682,0 | 12,1 | 12,0 |
| Ысык-Көл облусу | 20157,0 | 18965,0 | 24,3 | 17,9 |
| Нарын облусу | 3389,2 | 9030,6 | 4,1 | 8,5 |
| Ош облусу | 4767,3 | 4272,7 | 5,7 | 4,0 |
| Талас облусу | 959,1 | 1123,2 | 1,2 | 1,1 |
| Чүй облусу | 16868,3 | 22617,2 | 20,3 | 21,4 |
| Бишкек ш. | 20810,0 | 32681,0 | 25,1 | 30,9 |
| Ош ш. | 1881,6 | 2104,2 | 2,3 | 2,0 |

2014-жылдын январь-декабрында 2995 млн. сомго объекттерге капиталдык жана күнүмдүк ондоо иштери жүргүзүлдү, бул, негизинен, ишканалар менен уюмдардын каражаттарынын (45,2 пайызы), ошондой эле жергиликтүү (23 пайызы) жана республикалык (17,3 пайызы) бюджеттин эсебинен каржыланды.

2014-жылдын январь-декабрында жалпы аянты 1001,2 миң чарчы метр болгон 9340 турак үй ***пайдаланууга берилди***, бул 2013-ж. караганда 6,9 пайызга көп. Өткөн жылдын ичинде турак үйлөрдүн курулушуна (баалоо боюнча) негизги капиталга 26901,4 млн. сом инвестиция пайдаланылды, бул 2013-ж. салыштырмалуу 1,4 эсе көп. Өздөштүрүлгөн инвестициянын жалпы көлөмүндө турак жай курулушуна сарпталган каражаттардын үлүшү 2013-ж. салыштырганда 3,1 пайыздык пунктка көбөйүп, 25,4 пайызды түздү.

Турак үйлөрдү ишке киргизүүнүн негизги үлүшү Бишкек шаарына, Ош, Чүй жана Жалал-Абад облустарына туура келет.

**7-график: Январь-декабрда аймак боюнча негизги капиталга инвестиция**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**8-график: Январь-декабрда аймак боюнча турак жайларды ишке киргизүү**

*(киргизилген үйлөрдүн жалпы көлөмүнө карата пайыз менен)*



**28-таблица: 2014-жылдын январь-декабрындагы жеке турак үйлөрдүн аймактар боюнча ишке киргизилиши**

| | Ишке киргизилгени - бардыгы, жалпы аянттын миң чарчы м | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **1001,2** | **106,9** | **100** |
| Баткен облусу | 66,4 | 128,5 | 6,6 |
| Жалал-Абад облусу | 122,9 | 124,2 | 12,3 |
| Ысык-Көл облусу | 40,4 | 118,8 | 4,0 |
| Нарын облусу | 30,8 | 110,1 | 3,1 |
| Ош облусу | 170,3 | 106,8 | 17,0 |
| Талас облусу | 39,4 | 122,1 | 3,9 |
| Чүй облусу | 139,4 | 112,7 | 14,0 |
| Бишкек ш. | 356,3 | 98,3 | 35,6 |
| Ош ш. | 35,3 | 75,8 | 3,5 |

Айыл жергесинде 473,2 миң чарчы метр турак жай ишке киргизилди же жалпы пайдаланууга берүүнүн 47,3 пайызын түздү.

2013-жылга салыштырганда калктын каражаттарынын эсебинен каржыланган турак жай курулушунун үлүшү 2,7 пайыздык пунктка көбөйүп, турак жай курулушунун жалпы көлөмүндө 83,9 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын ичинде 839,9 миң чарчы метр жалпы аянттагы 7183 жеке турак үй курулду, бул 2013-ж. салыштырганда 10,4 пайызга көп, ал эми анын наркы (баалоо боюнча) 11986,2 млн. сомду түздү. Жеке турак үйлөрдү пайдаланууга берүү Ош шаарынан башка бардык облустарда өстү.

Республикадагы жеке турак үйлөрдүн жалпы аянтынын бир чарчы метринин курулушунун орточо анык наркы (баалоо боюнча) ү.ж. он эки айынын ичинде 12,6 миң сомду түздү, анын ичинен шаарларда - 15,0, айыл жергесинде - 10,5 миң сомду түздү. Эң кымбат турак жай Бишкек ш. (18,4 миң сом) курулууда, эң арзаны Ош ш. - 8,0 миң сом, Баткен - 8,7 миң жана Ысык-Көл облусунда - 9,4 миң сом.

Жалпы билим берүү объекттерине өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү өсүп, 2115,8 млн сомду түздү, бул 2013-ж. караганда 1,5 эсеге көп. 2296 окуучу орундуу жалпы билим берүүчү мектеп ишке киргизилди, 2013-ж. караганда 21,7 пайызга көп, анын ичинде Ош облусунда - 970 окуучу орундуу, Баткен - 851 окуучу орундуу, Талас - 250 окуучу орундуу, Нарын облустарында - 225 окуучулук орун.

2014-жылдын он эки айынын ичинде мектепке чейинки мекемелердин курулушуна 212,2 млн сом же 2013-ж. деңгээлине караганда 93,5 пайыз негизги капиталга инвестиция пайдаланылды. 301 орундуу бала бакча ишке киргизилди, анын ичинде Жалал-Абад облусунда - 220 орундуу, Талас облусунда - 36 орундуу, Чүй - 25 орундуу жана Баткен облусунда - 20 орундуу.

Амбулаториялык-бейтапканалык мекемелердин курулушуна 128,8 млн. сом же 2013-ж. деңгээлине карата 42,4 пайыз негизги капиталга инвестиция пайдаланылды. 527 адам кезметке келүүчү амбулаториялык-бейтапканалык мекемелер ишке берилди, анын ичинде Чүй облусунда - 209 кезметке келүүчү, Ош шаарында - 204, Баткен облусунда - 74 кезметке келүүчү, Жалал-Абад облусунда - 30 кезметке келүүчү жана Ош облусунда - 10 кезметке келүүчү. Ооруканалардын курулушуна негизги капиталга инвестициянын 227,8 млн. сому өздөштүрүлдү, бул 2013-ж. караганда 20,5 пайызга көп. 140 койкалуу, анын ичинде Жалал-Абад жана Ош облустарында 30 койкалуу, Ош шаарында -80 койкалуу беш жеке медициналык борбор ишке киргизилди.

2014-жылы 10 административдик имараттар, 27,65 километр узундуктагы суу түтүгү, 0,20 километрдеги узундуктагы канализациялык тарам, 4,2 километр узундуктагы жылуулук менен жабдуу объектилери пайдаланууга берилди.

**Кызмат көрсөтүү рыногу**

Чарба жүргүзүүчү субъекттер (юридикалык жана жеке жактар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 2014-ж. алдын ала баалоо боюнча 515,2 млрд. сомду түзүп, 2013-ж. салыштырганда 6,5 пайызга көбөйдү.

**29-таблица: 2014-жылдагы рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча көлөмү**

| | Млн. сом | | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Жыйынтыкка карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде калкка | пайыз менен | | | |
| | | | бардыгы | анын ичинде калкка | бардыгы | анын ичинде калкка |
| **Бардыгы** | **515204,1** | **362901,0** | **106,5** | **107,4** | **100** | **100** |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 384741,8 | 264445,8 | 107,2 | 108,8 | 74,7 | 72,9 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 37023,2 | 28973,3 | 104,3 | 102,1 | 7,2 | 8,0 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 17437,1 | 17437,1 | 109,6 | 109,6 | 3,4 | 4,8 |
| Маалымат жана байланыш | 32023,7 | 18458,4 | 105,1 | 104,2 | 6,2 | 5,1 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 14176,4 | 10314,2 | 101,2 | 101,6 | 2,8 | 2,8 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 6435,5 | 4287,7 | 103,6 | 102,5 | 1,2 | 1,2 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 5099,4 | 2388,0 | 100,3 | 102,4 | 1,0 | 0,7 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 2588,3 | 1047,9 | 104,3 | 104,4 | 0,5 | 0,3 |
| Билим берүү | 7337,0 | 7337,0 | 101,0 | 101,0 | 1,4 | 2,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 2151,1 | 2151,1 | 106,3 | 106,3 | 0,4 | 0,6 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 1150,1 | 1103,1 | 100,2 | 101,0 | 0,2 | 0,3 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 5040,5 | 4957,4 | 102,7 | 103,8 | 1,0 | 1,3 |

Рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү республиканын бардык региондорунда өстү.

**30-таблица: 2014-жылдагы рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Млн. сом | | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Жыйынтыкка карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде калкка | пайыз менен | | | |
| | | | бардыгы | анын ичинде калкка | бардыгы | анын ичинде калкка |
| **Кыргыз Республикасы** | **515204,1** | **362901,0** | **106,5** | **107,4** | **100** | **100** |
| Баткен облусу | 13531,6 | 13108,4 | 100,9 | 103,1 | 2,6 | 3,6 |
| Жалал-Абад облусу | 49702,7 | 45556,6 | 117,6 | 116,6 | 9,6 | 12,6 |
| Ысык-Көл облусу | 22743,0 | 21206,7 | 107,2 | 106,4 | 4,4 | 5,8 |
| Нарын облусу | 7349,9 | 7133,8 | 102,0 | 101,5 | 1,4 | 2,0 |
| Ош облусу | 32273,4 | 27921,6 | 103,1 | 110,2 | 6,3 | 7,7 |
| Талас облусу | 12179,3 | 10709,4 | 103,5 | 103,9 | 2,4 | 3,0 |
| Чүй облусу | 60395,6 | 49848,8 | 108,6 | 105,4 | 11,7 | 13,7 |
| Бишкек ш. | 277426,9 | 157366,3 | 105,4 | 105,1 | 53,8 | 43,4 |
| Ош ш. | 39601,6 | 30049,4 | 105,0 | 114,0 | 7,8 | 8,2 |

**Керектөө рыногу.** 2014-жылы *дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсүнүн* көлөмү 384,7 млрд. сом өлчөмүндө түзүлүп, 2013-ж. салыштырмалуу 7,2 пайызга өстү.

Сооданын өсүүсү, негизинен, чекене (9,4 пайызга) жана дүң сооданын (3,9 пайызга), мотор майларын чекене сатуунун (7,0 пайызга), ошондой эле автомобилдерди жана автомобилдердин тетиктеринин (7,3 пайызга) сатууларынын жүгүртүүсүнүн көлөмүнүн көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалды.

Мурункудай эле жүгүртүү түзүмүндөгү эң көп салыштырма салмакты чекене (53,1 пайызы) жана дүң соода (31,3 пайызы) ээлейт.

2014-жылдын IV кварталында сооданын жүгүртүү көлөмү 2013-жылдын IV кварталына салыштырмалуу 16,4 пайызга өстү, бул чекене (20,4 пайызга) жана дүң сооданын (6,9 пайызга), автомобиль жана мотоцикл, автомобилдердин тетиктеринин жана шаймандарынын соодасынын (11,4 пайызга), ошондой эле мотор майларын чекене сатууларынын (28,7 пайызга) жүгүртүү көлөмүнүн көбөйүшүнүн эсебинен болду.

2014-жылдын декабрында 2013-жылдын декабрына салыштырмалуу соода жүгүртүүнүн көлөмү 13,8 пайызга, ал эми мурунку ай менен салыштырмалуу 1,4 пайызга өстү.

**31-таблица: Дүң жана чекене сооданын, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **330573,8** | **384741,8** | **108,8** | **107,2** |
| Автомобиль жана мотоцикл, автомобилдердин тетиктеринин, түйүндөрүнүн жана шаймандарынын соодасы | 9962,7 | 11201,8 | 108,8 | 107,3 |
| Автомобилди техникалык жактан тейлөө жана оңдоо | 1430,2 | 1848,8 | 103,3 | 105,0 |
| Дүң соода, буга автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуу кирбейт | 108137,5 | 120296,1 | 108,5 | 103,9 |
| Мотор майын чекене сатуу | 39471,3 | 47057,6 | 121,7 | 107,0 |
| Чекене соода, буга автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуу кирбейт | 171572,1 | 204337,5 | 106,2 | 109,4 |

2013-жылга салыштырганда *дүң жана чекене сооданын, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсүнүн* жалпы көлөмү республиканын бардык региондорунда өстү.

**32-таблица: Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун аймактар боюнча жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Кыргыз Республикасы** | **330573,8** | **384741,8** | **108,8** | **107,2** |
| Баткен облусу | 10333,9 | 11269,9 | 122,8 | 100,3 |
| Жалал-Абад облусу | 32253,7 | 43058,9 | 109,3 | 119,6 |
| Ысык-Көл облусу | 12880,7 | 15233,7 | 105,9 | 107,1 |
| Нарын облусу | 5296,7 | 5771,8 | 104,0 | 101,4 |
| Ош облусу | 25024,3 | 28443,6 | 99,6 | 103,3 |
| Талас облусу | 8992,2 | 10411,6 | 108,8 | 103,9 |
| Чүй облусу | 42407,4 | 51402,5 | 108,0 | 108,6 |
| Бишкек ш. | 164687,6 | 186179,4 | 109,0 | 106,2 |
| Ош ш. | 28697,3 | 32970,4 | 114,5 | 104,9 |

Мотор майларын чекене сатууларынын көлөмүнүн жүгүртүүсүнүн өсүүсү 2013-жылга салыштырмалуу Баткен облусунан башка республиканын бардык региондорунда камсыздалды.

**33-таблица: Мотор майларын чекене сатуунун аймактар боюнча жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Кыргыз Республикасы** | **39471,3** | **47057,6** | **121,7** | **107,0** |
| Баткен облусу | 4023,0 | 4546,2 | 1,5 эсе | 104,6 |
| Жалал-Абад облусу | 3439,5 | 4503,2 | 114,4 | 116,9 |
| Ысык-Көл облусу | 2552,0 | 2955,0 | 104,4 | 102,0 |
| Нарын облусу | 990,1 | 937,9 | 105,9 | 83,4 |
| Ош облусу | 3670,3 | 4379,2 | 112,8 | 107,3 |
| Талас облусу | 1338,5 | 1567,0 | 123,1 | 104,9 |
| Чүй облусу | 9495,7 | 11637,6 | 110,0 | 110,4 |
| Бишкек ш. | 12551,2 | 14256,6 | 136,0 | 101,3 |
| Ош ш. | 1411,0 | 2274,9 | 122,9 | 145,0 |

2014-жылдын декабрында автомобилдерди жана мотоциклдерди сатууну кошпогондогу чекене соода жүгүртүүнүн көлөмү 2013-ж. декабрына салыштырмалуу 16,8 пайызга, ал эми мурунку айга салыштырмалуу 1,6 пайызга өстү.

**34-таблица: Автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан башка чекене сооданын жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| Январь | 9572,8 | 10556,7 | 106,7 | 105,9 |
| Февраль | 9868,2 | 10833,8 | 107,9 | 104,8 |
| Март | 10735,9 | 12286,7 | 105,5 | 106,0 |
| Апрель | 11628,0 | 13275,7 | 107,8 | 105,0 |
| Май | 12276,4 | 13863,4 | 109,0 | 102,8 |
| Июнь | 12927,7 | 14952,7 | 112,6 | 104,8 |
| Июль | 14553,1 | 17127,6 | 108,8 | 107,1 |
| Август | 16608,8 | 19564,6 | 107,1 | 107,9 |
| Сентябрь | 15940,6 | 18695,4 | 110,2 | 104,3 |
| Октябрь | 16139,5 | 19847,1 | 105,2 | 111,3 |
| Ноябрь | 16243,8 | 20580,4 | 106,3 | 113,2 |
| Декабрь | 25077,3 | 32753,4 | 102,9 | 116,8 |

Өткөн жылы автомобилдерди жана мотоциклдерди сатууну кошпогондогу чекене соода жүгүртүүнүн көлөмүнүн өсүүсү республиканын бардык региондорунда камсыздалды, эң чоң өсүү Жалал-Абад, Ош облустарында жана Ош шаарында болду.

**35-таблица: Автомобилдерди жана мотоциклдерди сатууну кошпогондогу чекене сооданын аймактар боюнча жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Кыргыз Республикасы** | **171572,1** | **204337,5** | **106,2** | **109,4** |
| Баткен облусу | 5591,9 | 6226,8 | 108,6 | 101,9 |
| Жалал-Абад облусу | 25715,2 | 34054,1 | 107,3 | 118,5 |
| Ысык-Көл облусу | 8928,1 | 10564,6 | 107,2 | 107,8 |

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| Нарын облусу | 4142,6 | 4628,1 | 102,9 | 105,1 |
| Ош облусу | 16021,6 | 19749,8 | 107,5 | 112,2 |
| Талас облусу | 6303,2 | 7339,0 | 104,2 | 104,3 |
| Чүй облусу | 23274,2 | 27404,2 | 105,2 | 105,1 |
| Бишкек ш. | 65499,2 | 74419,5 | 105,3 | 107,3 |
| Ош ш. | 16096,1 | 19951,4 | 109,7 | 112,8 |

2014-жылы тамактануу ишканаларын кошкондогу чекене сооданын көлөмүнүн жүгүртүлүшүнүн көбөйүшү азык-түлүк товарларын сатуунун өсүүсү менен шартталды.

Тамактануу ишканаларын кошкондогу чекене сооданын жалпы көлөмүндөгү азык-түлүк товарларын сатуунун үлүшү 52,2 пайызды, азык-түлүктүк эмес товарлардын үлүшү 47,8 пайызды түздү.

**36-таблица: Тамактануу ишканаларын кошкондогу чекене сооданын жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **233375,6** | **277274,5** | **107,6** | **109,1** |
| азык-түлүк товарлары | 121822,1 | 144855,2 | 108,4 | 110,2 |
| азык-түлүктүк эмес товарлар | 111553,5 | 132419,3 | 106,7 | 108,0 |

2014-жылдын декабрында 2013-жылдын декабрына салыштырмалуу азык-түлүк товарларын сатуунун көлөмү 16,4 пайызга, ал эми мурунку айга салыштырмалуу - 1,4 пайызга, азык-түлүктүк эмес товарларды сатуунун көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша 17,1 пайызга жана 1,5 эсеге өстү.

**37-таблица: 2014-жылдагы азык-түлүк жана азык-түлүктүк эмес товарлардын чекене соодасынын жүгүртүлүшү**

| | Азык-түлүк товарлары | | | Азык-түлүктүк эмес товарлар | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн. сом | пайыз менен | | млн. сом | пайыз менен | |
| | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | мурунку айга карата | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | мурунку айга карата |
| Январь | 7205,7 | 106,4 | 46,4 | 6598,3 | 101,5 | 46,3 |
| Февраль | 7436,7 | 105,3 | 102,2 | 6782,6 | 101,8 | 101,9 |
| Март | 8376,3 | 104,1 | 109,6 | 7670,3 | 100,6 | 111,0 |
| Апрель | 9146,7 | 103,4 | 107,6 | 8375,7 | 101,1 | 108,1 |
| Май | 9646,1 | 103,4 | 103,7 | 8833,0 | 102,0 | 104,2 |
| Июнь | 10477,8 | 104,8 | 108,0 | 9594,6 | 104,0 | 107,9 |
| Июль | 12026,4 | 107,9 | 117,1 | 11012,8 | 105,6 | 115,4 |
| Август | 13607,0 | 109,6 | 114,3 | 12510,0 | 107,4 | 113,3 |
| Сентябрь | 13483,3 | 108,2 | 99,1 | 12346,7 | 105,3 | 98,1 |
| Октябрь | 14514,9 | 112,8 | 104,9 | 13185,4 | 111,3 | 105,1 |
| Ноябрь | 15745,2 | 113,0 | 107,7 | 14360,4 | 113,5 | 105,3 |
| Декабрь | 23189,1 | 116,4 | 144,7 | 21149,5 | 117,1 | 145,2 |

Адистештирилген соода уюмдарында сатуу көлөмүнүн өсүүсү 2013-жылга салыштырмалуу тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондогу чекене соода жүгүртүүнүн көлөмүнүн көбөйүшү менен шартталды.

**38-таблица: 2014-жылдагы тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондогу сатуунун бардык каналдары боюнча чекене сооданын жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Бардыгы** | **277274,5** | **109,1** | **100** |
| соода уюмдары | 140714,3 | 112,1 | 50,7 |
| буюм-терим, аралаш жана азык-түлүк базарлары | 136560,2 | 106,2 | 49,3 |

Тамактануу ишканаларын жүгүртүүсүн кошкондогу чекене соода жүгүртүүнүн көлөмү 2014-ж. жалпы республика боюнча калктын жан башына эсептегенде 49181 сомду түздү. Орточо республикалык деңгээлден жогоркусу Бишкек шаарына - 107345, Ош шаарына - 99167, төмөнкүсү Чүй облусуна - 48678, Жалал-Абад облусуна - 38899, Талас - 38244, Ысык-Көл - 31222, Баткен - 26489, Ош - 22510 жана Нарын облусуна - 21444 сому туура келди.

Үстүбүздөгү жылы 2013-жылга салыштырганда мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн жогорулашы байкалды. 2014-жылдын IV кварталында мындай кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 2013-ж. IV кварталынын деңгээлинен 17,7 пайызга көп болду, 2014-ж. мурунку кварталына салыштырганда 21,8 пайызга өстү.

**39-таблица: Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **14602,5** | **17437,1** | **112,6** | **109,6** |
| Мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрү жана туристтик жашоо үчүн кызмат көрсөтүүлөр, кыска мөөнөткө жашоо үчүн ылайыкталган башка жайлардын кызмат көрсөтүүлөрү | 2232,9 | 2759,5 | 118,6 | 109,4 |
| Ресторан, барлардын кызмат көрсөтүүлөрү жана даяр тамак-ашты камсыздоо боюнча мобилдүү жана башка кызмат көрсөтүүлөр | 12369,6 | 14677,6 | 111,6 | 109,7 |

Мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн өсүшү 2014-жылы 2013-жылга салыштырганда республиканын бардык региондорунда камсыздалды.

**40-таблица: Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Кыргыз Республикасы** | **14602,5** | **17437,1** | **112,6** | **109,6** |
| Баткен облусу | 539,6 | 624,2 | 104,9 | 105,6 |
| Жалал-Абад облусу | 1685,4 | 2129,8 | 125,0 | 112,7 |
| Ысык-Көл облусу | 537,9 | 682,1 | 115,0 | 117,3 |
| Нарын облусу | 48,3 | 60,1 | 99,3 | 117,4 |
| Ош облусу | 809,4 | 954,2 | 99,6 | 106,2 |
| Талас облусу | 202,4 | 225,2 | 105,3 | 105,0 |
| Чүй облусу | 994,0 | 1171,2 | 106,9 | 106,3 |
| Бишкек ш. | 8285,3 | 9717,6 | 113,2 | 109,0 |
| Ош ш. | 1500,2 | 1872,7 | 109,2 | 112,7 |

Калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүү рыногунун көлөмүн мүнөздөгөн маалыматтардын сапатын жакшыртуу максатында 2014-ж. октябрында статистиканын аймактык органдары тарабынан чачтарачтардын жана сулуулук салондордун кызматтарын көрсөткөн чарба жүргүзүүчү субъекттерге текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча республикада 1918 чарба жүргүзүүчү субъекттер (анын ичинде 1423 чач тарачтар, 495 сулуулук салондору) иштейт, бул 2009-ж. салыштырганда 252 бирдикке же 15,1 пайызга көп. Чачтарачтардын жана сулуулук салондордун саны боюнча лидери, бардык чач тарачтардын жана сулуулук салондордун 27,4 пайызы чогулган Бишкек шаары, ал эми эң азы Талас облусунда - 3,1 пайыз.

**41-таблица: 2014-жылдын 1-октябрына карата чачтарачтарды жана сулуулук салондорду текшерүүнүн жыйынтыгы**
***(бирдик)***

| | Бардыгы | анын ичинен | |
|---|---|---|---|
| | | чач тарачтар | сулуулук салондор |
| **Кыргыз Республикасы** | **1918** | **1423** | **495** |
| Баткен облусу | 154 | 122 | 32 |
| Жалал-Абад облусу | 310 | 219 | 91 |
| Ысык-Көл облусу | 124 | 86 | 38 |
| Нарын облусу | 65 | 58 | 7 |
| Ош облусу | 257 | 225 | 32 |
| Талас облусу | 60 | 53 | 7 |
| Чүй облусу | 250 | 206 | 44 |
| Бишкек ш. | 526 | 339 | 187 |
| Ош ш. | 172 | 115 | 57 |

**Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо.** 2014-жылы *транспорттун бардык түрү менен* ташылган жүктөрдүн көлөмү 2013-ж. салыштырганда 1014,9 миң тоннага көбөйдү. Муну менен бирге автомобиль менен жүк ташуунун көлөмүнүн негизги бөлүгү (91 пайыздан ашыгы) жеке ишкерлерге (жеке жактар) таандык, анын көлөмү 2013-ж. салыштырганда 3,6 пайызга көбөйдү.

2014-жылдын декабрында мурунку айга салыштырганда транспорттун бардык түрү менен жүк ташуу 7,5 пайызга, ал эми 2013-ж. декабрына салыштырганда 3,9 пайызга өстү.

**42-таблица: Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдүн ташылышы**

| | Миң тонна | | Мурунку жылга карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **27902,8** | **28917,7** | **103,9** | **103,6** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол[1] | 1360,6 | 1495,5 | 121,6 | 109,9 |
| Автомобиль | 26308,8 | 27214,8 | 103,4 | 103,4 |
| Түтүк өткөрүү транспорту | 222,1 | 192,3 | 75,1 | 86,6 |
| Суу транспорту[1] | 10,8 | 14,9 | 93,1 | 1,4 эсе |
| Аба транспорту | 0,5 | 0,2 | 71,4 | 40,0 |

[1] Жүктөрдү жөнөтүү учуруна.

Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмүнүн өсүүсү республиканын бардык региондорунда белгиленди.

**43-таблица: Аймактар боюнча транспорттун бардык түрү менен жүктөрдүн ташылышы**

| | Миң тонна | | Мурунку жылга карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Кыргыз Республикасы** | **27902,8** | **28917,7** | **103,9** | **103,6** |
| Баткен облусу | 1170,2 | 1186,8 | 105,0 | 101,4 |
| Жалал-Абад облусу | 2033,3 | 2068,6 | 102,2 | 101,7 |
| Ысык-Көл облусу | 3639,6 | 3709,6 | 99,8 | 101,9 |
| Нарын облусу | 1027,5 | 1045,1 | 102,0 | 101,7 |
| Ош облусу | 2447,2 | 2466,9 | 101,0 | 100,8 |
| Талас облусу | 919,2 | 927,9 | 101,1 | 100,9 |
| Чүй облусу | 9667,7 | 10360,0 | 104,9 | 107,2 |
| Бишкек ш. | 6517,1 | 6655,8 | 106,0 | 102,1 |
| Ош ш. | 481,0 | 497,0 | 118,8 | 103,3 |

*Транспорттун бардык түрү менен жүк ташуунун жүгүртүлүшүнүн көлөмү* 2013-ж. салыштырганда 49,8 млн. тонна-километрге өстү.

2014-жылдын декабрында 2013-ж. декабрына салыштырганда жүк ташуунун жүгүртүлүшүнүн көлөмү 26 млн. тонна-километрге же 10 пайызга өстү.

**44-таблица: Транспорттун бардык түрү менен жүк ташуунун жүгүртүлүшүнүн көлөмү**

| | Млн. тонна-километр | | Мурунку жылга карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **2446,1** | **2495,9** | **103,0** | **102,0** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол | 1001,7 | 1008,2 | 108,6 | 100,6 |
| Автомобиль | 1175,8 | 1265,3 | 102,9 | 107,6 |
| Түтүк өткөрүү транспорту | 156,7 | 136,2 | 75,0 | 86,9 |
| Суу транспорту | 2,0 | 2,8 | 90,9 | 1,4 эсе |
| Аба транспорту | 109,9 | 83,4 | 110,8 | 75,9 |

2014-жылы *жүргүнчүлөрдү ташуу* мурунку жылга салыштырмалуу 19,7 млн. адамга көп эмеске өстү. Жүргүнчүлөрдү ташуунун негизги көлөмү (97 пайызга жакыны) *автомобиль транспортуна* (автобустар жана таксилер) туура келет, мында автобустар менен жүргүнчүлөрдү ташуу 2013-ж. салыштырганда 16,6 млн. адамга, такси менен ташуу - 1,8 млн. адамга көбөйдү.

**45-таблица: Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдүн ташылышы**

| | Миң адам | | Мурунку жылга карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **618962,4** | **638701,4** | **102,6** | **103,2** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол | 407,0 | 316,4 | 74,1 | 77,7 |
| Автобус | 579469,0 | 596075,1 | 102,8 | 102,9 |
| Троллейбус | 18962,3 | 20174,4 | 97,4 | 106,4 |
| Такси | 19073,9 | 20897,8 | 102,9 | 109,6 |
| Аба транспорту | 1050,2 | 1237,7 | 1,3 эсе | 117,9 |

Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмүнүн өсүүсү бардык жерлерде белгиленди.

**46-таблица: Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдүн аймактар боюнча ташылышы**

| | Миң адам | | Мурунку жылга карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Кыргыз Республикасы** | **618962,4** | **638701,4** | **102,6** | **103,2** |
| Баткен облусу | 7479,5 | 7627,3 | 102,3 | 102,0 |
| Жалал-Абад облусу | 30293,7 | 31279,0 | 102,0 | 103,3 |
| Ысык-Көл облусу | 48535,2 | 49540,7 | 102,3 | 102,1 |
| Нарын облусу | 6298,7 | 6474,4 | 102,4 | 102,8 |
| Ош облусу | 20123,9 | 21407,1 | 108,5 | 106,4 |
| Талас облусу | 14261,0 | 14318,2 | 100,4 | 100,4 |
| Чүй облусу | 118635,7 | 119438,5 | 100,7 | 100,7 |
| Бишкек ш. | 352937,0 | 367526,9 | 103,1 | 104,1 |
| Ош ш. | 20397,7 | 21089,3 | 103,3 | 103,4 |

Автобустар менен жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмүнүн өсүүсү республиканын бардык региондорунда өстү.

**47-таблица: Аймактар боюнча жүргүнчүлөрдүн автобус менен ташылышы**

| | Миң адам | | Мурунку жылга карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Кыргыз Республикасы** | **579469,0** | **596075,1** | **102,8** | **102,9** |
| Баткен облусу | 7166,9 | 7306,9 | 101,9 | 102,0 |
| Жалал-Абад облусу | 28722,2 | 29631,4 | 101,8 | 103,2 |
| Ысык-Көл облусу | 46824,0 | 47786,1 | 101,6 | 102,1 |
| Нарын облусу | 1838,2 | 1850,9 | 115,5 | 100,7 |
| Ош облусу | 18803,2 | 19937,2 | 108,1 | 106,0 |
| Талас облусу | 14143,5 | 14199,6 | 100,4 | 100,4 |
| Чүй облусу | 115735,6 | 116591,9 | 101,4 | 100,7 |
| Бишкек ш. | 328142,2 | 339981,5 | 103,4 | 103,6 |
| Ош ш. | 18093,2 | 18789,6 | 102,0 | 103,8 |

*Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүүсүнүн* көлөмү 2014-ж. 388,6 млн. жүргүнчү-километрге өстү. *Автомобиль транспорту* (автобустар жана таксилер) менен жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүүсү мурунку жыл менен салыштырганда 317,5 млн. жүргүнчү-километрге өстү, мында негизги көлөм (96 пайызга жакыны) жеке ишкерлерге (жеке жактар) туура келди.

**48-таблица: Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүү көлөмү**

| | Млн. жүргүнчү-километр | | Мурунку жылга карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **10378,1** | **10766,7** | **107,9** | **103,7** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол | 55,5 | 42,4 | 73,2 | 76,4 |
| Автобус | 7717,7 | 7991,5 | 103,4 | 103,5 |
| Троллейбус | 77,8 | 82,7 | 97,4 | 106,3 |
| Такси | 427,7 | 471,4 | 107,7 | 110,2 |
| Аба транспорту | 2099,4 | 2178,7 | 1,3 эсе | 103,8 |

**Кампалоо жана жүктөрдү сактоо.** *Кампалоо жана жүктөрдү сактоо* кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү 2014-ж. 51,2 млн. сомду түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 3,3 пайызга азайды.

**Почта жана чабарман ишмердиги.** *Почта жана чабарман ишмердигинен* түшкөн киреше 2013-ж. салыштырганда 4,7 пайызга көбөйдү жана 648,6 млн. сомду түздү.

**Байланыш.** *Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнөн* түшкөн киреше өткөн жылы 25501,4 млн. сомду түздү, бул 2013-ж. деңгээлинен 1561,9 млн. сомго же 5 пайызга көп болду. Көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн ичинен 21429,3 млн. сомун же 84 пайызын кыймылдуу уюлдук байланыш кызмат көрсөтүүлөрү, 2359,7 млн. сомун (9 пайыздан көбүрөөгүн) Интернет түйүнүнө кирүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр түздү.

**Эмгек акы жана эмгек рыногу.** 2014-жылдын январь-ноябрында бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы (чакан ишканаларды эсептебегенде) 12048 сомду түзүп, 2013-ж. январь-ноябрына салыштырмалуу 8,7 пайызга өстү, ал эми анын керектөө бааларынын индекси эсепке алынып чыгарылган реалдуу өлчөмү 1,3 пайызга өстү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аныктаган валюталардын расмий курсуна жараша 2014-ж. январь-ноябрында бир кызматкердин орточо айлык эмгек акысы 226,3 АКШ долларын түздү.

**49-таблица: 2014-жылдын январь-ноябрындагы аймактар боюнча орточо айлык номиналдык жана реалдуу эмгек акы[1]**

| | Сом | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата реалдуу эмгек акы пайыз менен |
|---|---|---|---|---|
| | | 2013 | 2014 | |
| **Кыргыз Республикасы** | **12048** | **104,9** | **108,7** | **101,3** |
| Баткен облусу | 8784 | 103,7 | 101,4 | 93,8 |
| Жалал-Абад облусу | 10685 | 101,8 | 107,3 | 96,7 |
| Ысык-Көл облусу | 8848 | 104,6 | 109,4 | 99,7 |
| Нарын облусу | 11096 | 102,1 | 108,2 | 102,1 |
| Ош облусу | 7915 | 101,6 | 103,5 | 94,9 |
| Талас облусу | 9117 | 102,3 | 107,8 | 97,6 |
| Чүй облусу | 10703 | 108,4 | 111,5 | 100,5 |
| Бишкек ш. | 16269 | 106,2 | 110,1 | 104,7 |
| Ош ш. | 10727 | 103,7 | 109,0 | 99,9 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

2014-жылдын ноябрында мурунку жылдын ноябрына карата номиналдык эмгек акыдай эле, реалдуу эмгек акынын да өсүү темпинин жогорулашы белгиленди.

**50-таблица: Ноябрдагы орточо айлык номиналдык жана реалдуу эмгек акы[1]**

| | Сом | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | Мурунку мезгилге карата | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата реалдуу эмгек акы пайыз менен |
|---|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | | |
| **2013** | | | | |
| Январь | 10250 | 105,6 | 71,1 | 98,1 |
| Февраль | 10381 | 105,4 | 101,3 | 97,7 |
| Март | 11220 | 103,6 | 108,1 | 96,1 |
| I квартал | 10620 | 104,8 | 89,1 | 97,3 |
| Апрель | 11033 | 107,4 | 98,3 | 99,5 |
| Май | 11190 | 103,7 | 101,4 | 96,5 |
| Июнь | 11774 | 103,5 | 105,2 | 95,7 |
| II квартал | 11332 | 104,8 | 106,7 | 97,1 |
| Июль | 11558 | 106,1 | 98,2 | 98,5 |
| Август | 11044 | 105,5 | 95,6 | 99,0 |
| Сентябрь | 10960 | 102,5 | 99,2 | 96,7 |

| | Сом | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | Мурунку мезгилге карата | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата реалдуу эмгек акы пайыз менен |
|---|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | | |
| III квартал | 11187 | 104,7 | 98,7 | 98,1 |
| Октябрь | 11375 | 105,8 | 103,8 | 101,3 |
| Ноябрь | 11147 | 105,3 | 98,0 | 100,9 |
| **2014** | | | | |
| Январь | 11008 | 107,4 | 72,8 | 103,7 |
| Февраль | 10984 | 105,8 | 99,8 | 101,7 |
| Март | 12173 | 108,5 | 110,8 | 102,1 |
| I квартал | 11392 | 107,3 | 90,8 | 102,5 |
| Апрель | 11959 | 108,4 | 98,2 | 100,8 |
| Май | 12193 | 109,0 | 102,0 | 100,8 |
| Июнь | 12727 | 108,1 | 104,4 | 99,6 |
| II квартал | 12293 | 108,5 | 107,9 | 100,5 |
| Июль | 12422 | 107,5 | 97,6 | 99,7 |
| Август | 12236 | 110,8 | 98,5 | 103,1 |
| Сентябрь | 12131 | 110,7 | 99,1 | 103,1 |
| III квартал | 12263 | 109,6 | 99,8 | 101,9 |
| Октябрь | 12425 | 109,2 | 102,4 | 100,3 |
| Ноябрь | 12247 | 109,9 | 98,6 | 99,7 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

2014-жылдын январь-ноябрында мурунку жылдын январь-ноябрына салыштырмалуу бүткүл республика боюнча бюджеттик чөйрөдө эмгек акынын өсүүсү белгиленген.

**51-таблица: 2014-жылдын январь-ноябрындагы аймактар боюнча орточо айлык номиналдык эмгек акы[1]**

| | Сом | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бюджеттик чөйрө | | бюджеттик эмес чөйрө | | | |
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 | бюджеттик чөйрө | бюджеттик эмес чөйрө |
| **Кыргыз Республикасы** | **8950** | **9631** | **14789** | **16201** | **107,6** | **109,5** |
| Баткен облусу | 7738 | 7982 | 11667 | 11658 | 103,2 | 99,9 |
| Жалал-Абад облусу | 7343 | 7846 | 16035 | 17416 | 106,8 | 108,6 |
| Ысык-Көл облусу | 7590 | 8223 | 9353 | 10420 | 108,3 | 111,4 |
| Нарын облусу | 9622 | 10405 | 13586 | 14812 | 108,1 | 109,0 |
| Ош облусу | 7182 | 7366 | 10781 | 11615 | 102,6 | 107,7 |
| Талас облусу | 7394 | 7995 | 13229 | 14772 | 108,1 | 111,7 |
| Чүй облусу | 8378 | 8901 | 11111 | 12876 | 106,2 | 115,9 |
| Бишкек ш. | 12163 | 13527 | 17106 | 18620 | 111,2 | 108,8 |
| Ош ш. | 8479 | 9239 | 12772 | 13897 | 109,0 | 108,8 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Экономикалык ишмердиктин көпчүлүк түрлөрүндө эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы байкалды, буга пайдалуу кендерди казуу, мейманканалар менен ресторандар, саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө чөйрөсүндөгү ишканалар менен уюмдар кирбейт.

**52-таблица: Январь-ноябрдагы ишканалардын жана уюмдардын кызматкерлеринин экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча орточо айлык номиналдык эмгек акысы[1]**

| | Сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **11086** | **12048** | **104,9** | **108,7** |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 5743 | 6092 | 109,0 | 106,1 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 16383 | 16372 | 96,6 | 99,9 |
| Иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы) | 11211 | 12441 | 105,6 | 111,0 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 17406 | 19055 | 109,9 | 109,5 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 9427 | 10567 | 110,1 | 112,1 |
| Курулуш | 10605 | 11746 | 110,1 | 110,8 |
| Дүӊ жана чекене соода, автомобиль жана мотоциклдерди ондоо | 13590 | 14527 | 113,7 | 106,9 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 15783 | 17599 | 112,4 | 111,5 |
| Мейманканалар менен ресторандардын ишмердиги | 9743 | 9740 | 104,3 | 100,0 |
| Маалымат жана байланыш | 21364 | 23182 | 109,1 | 108,5 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 24419 | 27147 | 105,3 | 111,2 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 8957 | 10360 | 114,2 | 115,7 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 16055 | 17637 | 104,0 | 109,9 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 9370 | 11195 | 106,6 | 119,5 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоо | 11799 | 14727 | 109,2 | 124,8 |
| Билим берүү | 8065 | 8258 | 101,0 | 102,4 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 9336 | 9327 | 97,9 | 99,9 |
| Искусство, көӊүл ачуу жана эс алуу | 8122 | 8994 | 101,2 | 110,7 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 8838 | 9763 | 103,5 | 110,5 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Өткөн жылдын тийиштүү күнүнө салыштырмалуу 2014-ж. 1-декабрына карата бүткүл республика боюнча эмгек акы төлөөдөгү жалпы карыз 8,8 пайызга жогорулады.

Эмгек акыны төлөө боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздардын жалпы суммасынын маанилүү үлүшүн Чүй (26,9 пайыз), Жалал-Абад (22,1 пайыз), Баткен (14,1 пайыз) жана Ысык-Көл (12,4 пайыз) облустарындагы ишканалар менен уюмдардын кызматкерлерине болгон карыздар түздү.

**53-таблица: 2014-жылдын 1-декабрына карата аймактар боюнча эмгек акыны төлөө боюнча жалпы карыз[1]**

| | Млн. сом | Мурунку жылдын | Мурунку айдын |
|---|---|---|---|
| | | тийиштүү күнүнө карата пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **329,0** | **108,8** | **108,2** |
| Баткен облусу | 46,4 | 108,5 | 110,4 |
| Жалал-Абад облусу | 72,8 | 106,2 | 109,2 |
| Ысык-Көл облусу | 40,8 | 76,7 | 95,2 |
| Нарын облусу | 20,3 | 97,7 | 2,4 эсе |
| Ош облусу (Ош ш. кошкондо) | 14,6 | 108,0 | 91,6 |
| Талас облусу | 11,5 | 1,8 эсе | 127,4 |
| Чүй облусу | 88,3 | 107,2 | 104,8 |
| Бишкек ш. | 34,3 | 2,3 эсе | 99,1 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин маалыматтары боюнча 2015-ж. 1-январына карата жумуш издеп, мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарында каттоодо турган жумушсуз калктын саны 93,0 миң адамды түздү жана 2014-ж. тийиштүү күнүнө салыштырганда 1,3 пайызга төмөндөдү, ал эми катталган жумушсуздардын саны тиешелүүлүгүнө жараша 58,2 миң адамды түздү жана 0,3 пайызга төмөндөдү.

**54-таблица: 2015-жылдын 1-январына карата мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарында катталган жумушсуздардын саны**

| | Бардыгы, адам | Мурунку жылдын тийиштүү күнүнө карата пайыз менен | Мурунку айдын тийиштүү күнүнө карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **58246** | **99,7** | **99,8** |
| Баткен облусу | 6045 | 112,9 | 101,0 |
| Жалал-Абад облусу | 12801 | 103,8 | 103,1 |
| Ысык-Көл облусу | 4281 | 103,1 | 100,7 |
| Нарын облусу | 6148 | 96,6 | 98,7 |
| Ош облусу | 11894 | 104,7 | 99,5 |
| Талас облусу | 2033 | 94,9 | 87,4 |
| Чүй облусу | 5529 | 95,7 | 98,1 |
| Бишкек ш. | 7316 | 85,7 | 98,9 |
| Ош ш. | 2199 | 92,5 | 100,5 |

Катталган жумушсуздардын жалпы санынын 52,1 пайызын аялдар түздү. Катталган жумушсуздуктун деңгээли экономикалык активдүү калкка карата 2,4 пайызды түздү.

**Жашоо минимуму.** 2014-жылдын IV кварталында жашоо минимумунун көлөмү 5261,22 сомду түздү жана мурунку жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 13,7 пайызга, мурунку кварталга салыштырганда 6,1 пайызга өстү. Жашоо минимумунун орточо жылдык көлөмү 2014-ж. 4981,51 сомду түздү жана 2013-ж. менен салыштырганда 8,3 пайызга өстү.

**55-таблица : Жашоо минимуму**

*(калктын жан башына алганда орточо эсеп менен, айына сом менен)*

| | 2012 | | 2013 | |
|---|---|---|---|---|
| | IV квартал | жыл ичинде орточо эсеп менен | IV квартал | жыл ичинде орточо эсеп менен |
| **Бардыгы** | **4628,41** | **4599,21** | **5261,22** | **4981,51** |
| Эмгекке жөндөмдүү жаш курактагы калк | 5169,14 | 5139,72 | 5876,18 | 5563,16 |
| анын ичинен: | | | | |
| эркектер | 5293,70 | 5271,56 | 6019,93 | 5708,91 |
| аялдар | 5121,37 | 5092,45 | 5834,98 | 5524,99 |
| Пенсионерлер | 4118,46 | 4096,99 | 4693,41 | 4434,36 |
| Балдар | 3943,16 | 3912,33 | 4479,12 | 4244,30 |
| анын ичинен, жаш курагы: | | | | |
| 0дөн 7ге чейинки | 3511,25 | 3475,35 | 3973,46 | 3764,55 |
| 7ден 14кө чейинки | 4092,70 | 4068,81 | 4660,86 | 4412,12 |
| 14төн 17ге чейинки | 4441,39 | 4412,98 | 5061,16 | 4804,49 |

Жашоо минимумунун түзүмүндөгү азык-түлүк товарларынын үлүшү 65 пайызды, азык-түлүк эмес товарлар - 16 пайызды, кызмат көрсөтүүлөр - 17 пайызды жана салыктар - 2 пайызды түздү. Азык-түлүк баштыкчасынын энергетикалык баалуулугу 2101 ккал деңгээлинде түзүлдү, ал эми анын химиялык курамы 73 грамм белокту жана 71 грамм майды камтыйт.

**56- таблица: Жашоо минимумунун түзүмү**

*(калктын жан башына алганда орточо эсеп менен, айына сом менен)*

| | Бардыгы | анын ичинде: | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | азык-түлүк товарлары | азык-түлүк эмес товарлар | кызмат көрсөтүүлөр | салыктар |
| | **IV квартал** | | | | |
| **Бардыгы** | **5261,22** | **3419,80** | **841,79** | **894,40** | **105,23** |
| Эмгекке жөндөмдүү жаш курактагы калк | 5876,18 | 3584,47 | 998,95 | 1116,47 | 176,29 |
| анын ичинен: | | | | | |
| эркектер | 6019,93 | 3672,16 | 1023,39 | 1143,78 | 180,60 |
| аялдар | 5834,98 | 3559,33 | 991,95 | 1108,65 | 175,05 |
| Пенсионерлер | 4693,41 | 3285,38 | 469,34 | 938,69 | - |
| Балдар | 4479,12 | 3180,18 | 716,66 | 582,28 | - |
| анын ичинен, жаш курагы: | | | | | |
| 0 дөн 7 ге чейинки | 3973,46 | 2821,17 | 596,01 | 556,28 | - |
| 7 ден 14 кө чейинки | 4660,86 | 3355,83 | 745,73 | 559,30 | - |
| 14 төн 17 ге чейинки | 5061,16 | 3593,43 | 911,00 | 556,73 | - |
| | **Жыл ичинде орточо эсеп менен** | | | | |
| **Бардыгы** | **4981,51** | **3237,99** | **797,04** | **846,85** | **99,63** |
| Эмгекке жөндөмдүү жаш курактагы калк | 5563,16 | 3393,53 | 945,73 | 1057,00 | 166,90 |
| анын ичинен: | | | | | |
| эркектер | 5708,91 | 3482,45 | 970,51 | 1084,68 | 171,27 |
| аялдар | 5524,99 | 3370,25 | 939,25 | 1049,74 | 165,75 |
| Пенсионерлер | 4434,36 | 3104,05 | 443,44 | 886,87 | - |
| Балдар | 4244,30 | 3013,47 | 679,08 | 551,75 | - |
| анын ичинен, жаш курагы: | | | | | |
| 0дөн 7ге чейинки | 3764,55 | 2672,84 | 564,68 | 527,03 | - |
| 7ден 14кө чейинки | 4412,12 | 3176,74 | 705,93 | 529,45 | - |
| 14төн 17ге чейинки | 4804,49 | 3411,20 | 864,80 | 528,49 | - |

**Баалардын жана тарифтердин индекси**. Инфляциянын деңгээлин мүнөздөөчү *керектөө бааларынын индекси* 2014-ж. декабрында мурунку айга салыштырмалуу 101,4 пайызды түздү. Инфляциянын деңгээли 2014-ж. (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) 10,5 пайызды түздү.

2014-жылдын декабрында мурунку айга салыштырмалуу *тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын* баалары жалпысынан эки пайызга өстү. Муну менен 2014-ж. декабрында мөмө-жемиштерди кошпогондо азык-түлүк товарлардын дээрлик бардык түрлөрүнө баалардын жогорулашы катталган. Баалардын эң көп жогорулашы гречиха акшагына - 15,4 пайызга, малдын тоң майларына - 11,6 пайызга, куйма сүткө - 11,6 пайызга, колбаса жана башка консерваланган эт азыктарына - 4,0 пайызга, кофе жана чайга - 3,6 пайызга жана күрүчкө - 3,0 пайызга белгиленди. 2014-жылдын декабрында ундун (2,5 пайызга) жана нандын (мурунку айга салыштырмалуу 2,2 пайызга) бааларынын жогорулашы белгиленди.

**57-таблица: 2014-жылдагы азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекстери**

*(мурунку айга карата пайыз менен)*

| | Буудай уну | | Нан | Тандыр нан | Уйдун эти | Койдун эти | Куйма сүт | Жумуртка | Кум-шекер | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
